# Карындаш

**Автор: Белекбаев Бегалы, Жанышов Омурбек Шейшенбекович**

**Композитор: Ниязов Мирлан Темиркулович**

**Аткаруучулар: Жанышов Омурбек Шейшенбекович, Ботоканов Баястан Курманбекович, Белекбаев Бегалы**

Биздин ортобуздагы аралык,
Сенин сүйүүң жаш балалык.
Биз экөөбүз бакыт табалык,
Бүл өмүрдө түбөлүк болуп калалык.
Менден сен бир топ эле жашсың,
Карындашым акпасынчы жашың.
Ар дайым жылмайып көздү уялтсын,
Болдум го бир өзүңө мен ашык
Сени теңейм жаңы аткан таңыма
Жүргүм келет алып өз кучагыма,
Жакындап сен орун алчы жаныман,
Өзүң менен түшөм бала чагыма.

Суйлөсөң кулак сүйүнөт,
Жагымдуу чыккан үнүңдөн,
Көп чыкпайсың сен үйүңдөн,
Көрүп калсам мен сүйүнөм.

Кайырма:
Сезим менен ойнодуң, эч койбодуң,
Алып өз кучагыма, кысам жаныма, сени сүйөмүн.
Өзүңө ашыгам, карабайм жашыңа,
Сүйүүнүн тамгасын, түбөлүк алгансың сени сүйөмүн.

Азбы-көппү күндөр өтөт,
Калды карындаш жүрөктө
Сактап калдым эсимде мен,
Сан жеткис жылуу мүнөттөп

Тазалык сени айланат,
Тазарат бассаң айлана.
Жаныңда жүргөн адамдар,
Тартылып сага байлана.
Мен дагы сени жактырам,
Биз ойлонуп көрөлү жакшылап,
Бил, мен дагы сени жактырам,
Жазылдыңбы сен бактыа?
Билсең жок сенде айып,
Ар дайым жүргүн жылмайып,
Эркемсиң, күнүм, айым дейм,
Колдосун сени Кудайым.